ТАРЫХ КҮҮСҮНДӨГҮ ИНСАН

# Байсерке болуш

Байсерке Максут уулу 19-кылымдын экинчи жарымынан 20-кылымдын баш ченине чейин кыргыз элинин саясий чөйрөсүндөгү таасирдүү инсандарынын бири болгон. Ал киши Ат-Башы өрөөнүндөгү Чоң-Ача деген жайлоодо болжолу 1855-жылы жарык дүйнөгө келген. Атасы Максут бий беш аялынан бир нече балалуу болуптур. Улуу аялынан төрөлгөн Атамбек баатыр экен. Ал Ажыбек баатыр менен курбалдаш, үзөңгүлөш, доону бирге доолашкан, жоону бирге жоолашкан кара чунак Атамбек баатыр аталыптыр. Атамбектин бир тууган иниси Карача да калыстыгы, байлыгы менен элге аты чыгыптыр. Карачадан кадимки Матай төрөлүптүр. Максут бийдин эң кичүү бешинчи аялы торунун таздар уруусунан Кумар деген аялынан Байсерке төрөлүптүр. Байсерке төрөлгөндө Максут жүз жаштан өтүп калган кези экен. Максут небереси Матай бийди чакыртып алып: «Балам, кылым жашадым. Алдыда көрөөр күнүм, ичээр суум түгөнөөрүнө чилдин арышындай жакындап калды. Көкүрөк күчүгүм Байсерке жаш кала турган болду. Жазып-тайып көзүм өтүп кетсе Байсеркени сага тапшырам»-дейт. Байсерке беш-алтыга чыгып калганда атасы Максут, энеси Кумардын көздөрү өтүп, агасы Матайдын тарбиясында калат. Байсерке өтө сезимтал, тентек, өткүр болот. 16-17-жаштарында эле кең далылуу, узун бойлуу балжайган сары-чыйкал балбан экен. Бир тойдо өзүнөн кыйла улуу адам менен күрөшүп, жыгып коёт. Ошондон кийин элге таанылып «Балбан» аталат. Балалык курагынан эр жеткенге чейин Ача, Бороонду (азыркы Ак-Муз айыл өкмөтүнүн аймагы) чөлкөмдөрүндө жашайт.

Байсерке келечекти алдын-ала көрө билген тубаса көзү ачык болгон. Айдын жаңырганын, жылдыздардын жайгашканын карап, боз кыроодо булактын көзүнө байкоо жүргүзүп, жылдын жаанчыл же кургак болоорун, кыш эрте түшөбү же кеч түшөбү, кар калың болобу, жаздын мөөнөтү узарып, жут болобу алдын-ала билип элине кеп-кеңештерин айтып, эскертип турчу экен. Баамчылдыгы, сынчылыгы, калыстыгы улуу-кичүүнүн шагын сындырбаган, ийрин жандырбаган сөз баккан чечендиги, колу март жоомарт, берешендиги, сыйчылдыгы менен Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүнүн элинин сый-урматына татыктуу болгон.

Бала күнүнөн эмгекке бышкан Байсерке Ат-Башы токоюнун күн чыгыш тарабындагы Чекенде Талаа деп аталган жерге Буурсун менен жер айдап, буудай, тару сээп, Ат-Башы суусунан бир чакырымга жакын аралыкка кетмен күрөк менен арык казып, суу алып чыгып, жерин сугарып, түшүмүн алып сатып, үч-төрт жылда эле таман-акы маңдай тери менен мал курап, тели-теңтуштарын чогултуп, жер айдап, эгин өстүргөнгө үндөйт. Бара-бара баба дыйкан Байсерке деген атка конот. Казган арыгынын жээктерине айдаган жеринин айланасына тал-теректердин тигет. Кыска аралыкта эле дүпүйгөн жаңы токой пайда болот. Ал жер «Байсеркенин токою» аталып, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет.

Болжолдо 1876-1877-жылдары черик элине болуш шайлоо өткөрүлөт. Матай бий чоң атасынын көкүрөк күчүгү иниси Байсеркени болуштукка талапкерлигин көрсөтөт. Жай айында черик элинин эр бүлөлөрү жыйынга чогулуп, калыстар дайындалып, эки талапкер үчүн эки казанга таш салууда (добуш берүүдө) Байсерке черик элине болуштукка шайланат. Болуш шайлоо саясаты менен кабары жок Байсерке айдаган эгинин сугарып жүргөн учуру экен. Матай бий жигити Сакенди Байсеркени алып келүүгө жиберет. Ат коштоп келген жигит: «Ассалоомалейкум, Байсерке мырза, сүйүнчү! Черик элине болуш болуп шайландыңыз. Элиңиз сизди күтүп жатат. Матай бий сизди алып кел деп жиберди»-деп шаштырат. Байсерке: «Болуштун жолу бир башка. Эгинди ким сугарат? Кароосуз калса эмгек талаага кетпейби, жок, ишимди таштап бара албайм».-дейт.

Чабарман жигиттин чый-пыйы чыгып, ордуна киши таап, Байсеркени эптеп көндүрүп, жыйынга алып барыптыр. Ошентип, Байсерке Максут уулу 22 жашында болуштукка шайланып, черик элине бийлик жүргүзөт. Бийлик башында болуу менен Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүндөгү черик, сарбагыш, моңолдор, тынымсейит урууларынын башчыларынын арасында элдин ынтымагы, элдин, жердин бүтүндүгү жана ошол учурдагы доордун маанилүү маселелерин чечүүдө адилеттүү, калыс пикирлерин айтып, сунуштап, бардык уруулар үчүн маселенин оң чечилишине ар дайым жетишип турган. Байсеркенин чечендигин, чечкиндүүлүгүн, туруктуулугун аңыз кылып, даңазалаган сөздөр бүгүнкүгө чейин айтылып

Максуттүн уулу Байсерке,
Атагы жеткен көп элге.
Кыюусун сөздүн табуучу,
Кысталышкан тар жерде,-деп чечендигин даңазалаган ырлар ырдалган.

Айрыкча Ат-Башы жергесинде элди дыйканчылыкка, жаратылышты коргоого үгүттөгөн. Ат-Башы өрөөнүндөгү Туюк-Богошту капчыгайын (азыркы Талды-Суу айыл өкмөтүнүн аймагы) жайдыр-кыштыр жердеген. Ал жер «Байсеркенин жайыты» делип, азыркыга чейин аталат.

Болуштук мөөнөтү бүткөндөн кийин 1881-жылдагы болуштук шайлоодо бийликти 16 жаштагы иниси Базаркул Матай уулуна өткөрүп берип, тынч жашоого өткөн. Мекеге ажылыкка барып келген. Ал бийликте болбосо да бий, болуштар, уруу башчылары алыш-бериш кылып, кеңешип топ-жыйындарга чакырып сунуш-пикирин тыңдап турушкан. Эл арасында «Байсерке ажы» «Байсерке болуш» деп айтылып жүрөт. Чоко сыяктуу эле бир жолу болуштукка шайланган. Жогоруда айтылгандай Байсеркенин көзү ачыктыгы, баамчылдыгы, сынчылыгы тууарасында эл оозунда айтылып жүргөн уламыштардан келтирсек артыкбаш болбос.

Боз кыроо түшүп калган мезгилде Нарын тараптан эки жигит Байсеркенин жылкысына ууруга келишет. Түн ичинде жайыттагы жылкынын кайсыл тарабына барышса деле Байсеркенин жүргөнүн көргөндөй болушат. Эртеси токойдо жашынып жатышып, түнкүсүн кайра келишсе деле баягы көрүнүш кайталанат. Жолу болбогон уурулар эртеси болуштукуна барышат. Үй ээси казан астырып, жакшылап коноктойт. «Бул жигиттерге бир семиз бээ кармап берип, узатып кой. Куру кол кетпей ала кетишсин»-деп жигитине айткан экен.

Байсерке ажынын урматына кысыр эмди тай сойдуруп Мамбеталы бай коноктоп калат. Эт алдыга тартылат. Үй ээси эки жигитин эт туураганга чакырат. Жалоондой эки жигит эт туурай баштайт. Туурамчылардын бири эки бычак менен туурап өнөрүн көрсөтөт. Экинчисинин кыймылы ыкчамдыгынан тууралган эт калпагынын кырына түшүп турганы менен эки чалып, бир чалып эттин майлуу жеринен оозуна салып, балчылдата чайнап, адепсиздигин көрсөтөт. Жигиттердин кыймыл-аракеттерине көз кыйыгын салып олтурган Байсерке: «Эки тегирменчиң тең жакшы иштейт экен. Бирок бири каласын көбүрөөк алат экен»-деп сөз жылдырат. Туурамчыларынын өнөрүнө курсант болуп, сыйлуу коногуна кыр көрсөткөнсүп, менменсинип олтурган үй ээсинин ындыны өчө түшөт.

Чоконун уулу Казы жигити Жакып менен Байсеркеникинде конокто болот. Эт тартылып устукан желип жатканда Казынын жигити Жакып тайдын кашка жилигинин көңдөйүнө бычактын учун сойлотуп чучугун жеген тура. Жигиттин адепсиздигин байкаган ажы: «Байбиче бу жигит сууктап калган белем, карын майың болсо берчи»-дейт. Козунун карын майы жигиттин алдына коюлат. Сөзгө катуу сынган Казы көзүнүн чаарын чыгарып, жигитин теше тиктейт. Иштин тескери жагына кеткенин сезген Жакып карын майды бүт жептир.

Байсерке болуштун Токторбай, Эсенбай, Турдумамбет, Эсенаман деген балдары болгон. Токторбайдан Ыбырай, Сыдык, Эсенбайдан Базарбай деген балдарынан тараган урпактары Ак-Моюн, Ат-Башы айылдарында жашашат. Байсерке болуш болжолу 1933-жылы акка моюн сунуп, сөөгү Ак-Моюн айылынын аягындагы Айгыр-Жал көрүстөнүнө коюлган.

Т.СУЛТАНОВ.